DosTek group

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

# Квалификацияланган электрондук колтамганы (КЭК) жаңыртуу (иштөө мөөнөтүн узартуу) үчүн документтер

## (уюмдар, күбөлүктүн негизинде иштеген жеке ишкерлер – ИП, ЧП үчүн)

Жаңыртуунун 2 жолу бар:

1. **КЭК «RuToken» эс тутумунда сакталуу учурунда, «DosTek group» компаниясынын кеңсесине кийинки документтерди тапшыруусу керек:**
   - Юридикалык жакты же жеке ишкерди (ИП, ЧП) Мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүгүнүн көчүрмөсү.
   - Жетекчинин паспортунун көчүрмөсү (КР атуулдары ID-картанын көчүрмөсүн, ал эми чет элдик атуулдар чет мамлекетке баруу үчүн берилген паспорттун көчүрмөсүн тапшырышат).

     **Эскертүү:** чет тилде жазылган паспорттун көчүрмөсү мамлекеттик же расмий тилдеги нотариалдык ырасталган котормосу менен тапшырылат.
   - Чет өлкөлүк жарандардын ПИНи (персоналдык идентификациялык номер) сөзсүз түрдө болуусу керек.
   - Башкы бухгалтердин паспортунун (ID-карта) көчүрмөсү (эгер башкы бухгалтер каралган болсо).
   - Эгер жетекчи же бухгалтер которулса, кызматтан бошотуу жана дайындоо жөнүндөгү документтердин (буйрук же чечимдин) көчүрмөсү (колтамга ээлери алмашкан учурда).
   - КЭК алуу үчүн М-2а формасындагы ишеним кат. Ишеним катка компаниянын мөөрү жана жетекчинин колу коюлушу керек (үлгүсүн “Документтер” бөлүмүнөн жүктөөгө болот).
   - Колтамга алууга жоопкерчиликтүү ишенимдүү адамдын паспортунун көчүрмөсү.
   - Жеке корголгон сактагычтын 2.0 чыгарылышы («RuToken ЭЦП 2.0») же андан жаңысы.

**Көңүл буруңуз! Ош жана Жалал-Абад филиалдарында КЭК жаңыртуучу кардарлар, биринчи катталууда тапшырылуучу документтерди толук жана уюмдун же ИП/ЧП мөөрүн алып келүүсү зарыл.**

2. **КЭК «E-Cloud»да (Булут) сактаган учурда, кеңседе, жогоруда аталган документтер менен жаңыртса да болот, ошондой эле онлайн буйрутма жөнөтүп, алыстан жаңыртып алса да болот.**

   Эгер КЭКти алыстан жаңыртуу ыңгайлуу болсо, мөөнөтү аяктоосун күтпөстөн, системада билдирүү пайда болоору менен онлайн буйрутма жөнөтүүнү сунуштайбыз, анткени аны даярдоо 7 күнгө чейин созулушу мүмкүн. КЭКтин мөөнөтү аяктаганча онлайн буйрутма жөнөтүлбөсө, жаңыртуу үчүн «DosTek group» кеңсесине келүү керек.

   «DosTek group» адистери буйрутманы кабыл алгандай кийин, колдонуучунун балансынан КЭКтин төлөмү алынат, бирок жаңы КЭК эскинин мөөнөтү аяктагандан кийин гана колдонула баштайт.

   Уюмдун төмөндөгү реквизиттери алмашса, КЭК алыстан жаңыртылышы **мүмкүн эмес**:

   - Уюмдун аталышы жана ИННи;
   - Уюмдун жайгашкан жери (шаар, айыл);
   - ЭКТ ээсинин аты-жөнү, кызматтык абалы, паспортунун сериясы.

   Мындай учурларда, «DosTek group» кеңсесине КЭКти жаңыртуу үчүн жана реквизиттердин алмашышын далилдеген документтерди тапшыруу менен жаңыртса болот.